
С кырг
И-85

Эльмира ИСАКОВА

# Көңүл ыргагым жүрөк сырларым



Скырг
И85

*Апамдын жаркын элесине арнаймын.*

ИСАКОВА Эльмира



# КӨҢҮЛ ЫРГАГЫМ – ЖҮРӨК СЫРЛАРЫМ

Ош – 2009

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №....470209........

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
И 85

**Исакова Эльмира.**

И 85 Көңүл ыргагым – Жүрөк сырларым: Ырлар жыйнагы. – Ош-2009. – 72 бет.

ISBN 978-9967-602-20-5

Урматтуу азиз окурман!

Колуңуздагы керемет ыр түрмөгүн гүл деп билиңиз. Гүл жыттанган, кыз жыттанган Эльмира ИСАКОВАнын алгачкы ырлар жыйнагы болгонуна карабай, ыр дүйнө турмушунда көп жылдап түйшүк кылган акындар сыяктуу, ырлары жандуу, чыйрак, жүрөктү толкундаткан керемет саптарга ээ. Ар бир ырында ойго салган, канат байлап эргүүлөргө алып келчүү өз үнү, өзгөчөлөнгөн өзүнө гана ылайык кол тамгасы бар келечектүү акын кыргыздын ыр базарына келгени менен ар бир окурман кубанычта болооруна ишеним зор.

И 4702300200-09

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5

ISBN 978-9967-602-20-5

© Исакова Э., 2009

## СӨЗ БАШЫ ЖЕ РЕДАКТОРДОН АЛГЫ КЕП...

“Чыныгы табигый талант ээси!” – деп туруп, кубаныч менен Сиздерге тунгуч ыр топтомун сунуп жаткан авторубуз Эльмира ИСАКОВА элет жеринде бой жеткен. Билим алган. Бүлө күткөн. Перзенттер тапкан... Бир карасаң телегейи теп-тегиз Эне-инсан.

Адам пенденин мына ушундай бакыт көрөңгөлөрүнө кошуп, Улуу Жараткан Эльмирага табигый талантты ыроолоптур. Ыр башатынын тунук булагынын көзүнө чакырыптыр... Биз ошону түшүнөлү дедик. Кадырына жетели дедик... Ар бир сабын оңдоп түзөбөй, бузбай, “упа-эндиги жок...” таптаза бойдон Сиздердин алдыңыздарга алып чыгалы дедик... Анткени, жасалмасы, чампалаганган “боегу”, “кесмеси” самсаалаган азыркы оомал төкмөл мезгилдин жүдөтмө өндүрүнөн туптунук-мөл булактуу айдыңына чогуу өтөлү, табийгат тартуулаган назик түрмөктөрдүн даамын чогуу татып, акындын поэзия дүйнөсүнө сапарлаш бололу ...

Эң башкысы – Эльмира ИСАКОВА элетте торолгон, табигый ТАЛАНТ экендигине сыймыктануу менен колдоого алуубуз абзел, сыйлуу окурман!

**Турабай ЖОРОЕВ,**
лауреат-акын, КРсынын эл агартуусун, теле-радиосунун мыктысы. Жолон Мамытов атындагы адабий сыйлыктын ээси. Ош шаары.

27-январь, 2009-жыл.

## СЕЗИМ ТОЛКУНУ

Көл толкуса көңүл кошо толкуган,
Көл толкуса сезим оту оргуган.
Көл толкуса туңгуч сүйүү сезимим,
Бийлеп алып эт жүрөгүм оолукан.

Ак толкундай туңгуч сүйүү сезимим,
Толкуп ташып сезимдерди бийлеген.
Анда жаштык эч бир жанга баш ийбей,
Жүрөгүмдү жалгыз сүйүү бийлеген...

Анда сезим бийик учуп көкөлөп,
Ак-чардактай учуп жүргөн көкөлөп.
Анда жашоо сен менен мен сезилип,
Ак толкунга бой урганмын керилип.

Ысык-Көлдөй ысык сезим тартуулап,
Сенин барың жүрөгүмө бир кубат.
Жүрөгүңдөн ыйык сезим тартуулап,
Сенин барың сезип жашоо ырахат.

Суудай тунук сүйүмдүү кастарлап,
Жашап келем көкүрөккө калкалап.
Ысык-Көлдүн балыгындай туйлаган,
Жүрөгүмдү аяп келем кастарлап.



## КЫЗ КУРАК

Жазында гүлдөр кулпурат,
Жаз гүлгө окшойт кыз курак.
Жиденин жыты буркурап,
Жибитип жигит жүрөгүн,
Жийде бир бурак кыз курак.

Кызгалдак гүлдөп кулпурат,
Кызгалдак өңдү кыз курак.
Кызылды кийип кулпурат,
Кызгалдак өңдүү бапесте,
Кулпуруп турат кыз курак.

05.2006

## МУНАРЫК

Булугуп ички сырым батыра албай.
Буйдалам сан-сыз ойдон кутула албайм,
Буулугам булут сымал нөшөрлөп,
Жамгыр болуп төгүлө албай.

Буулукса булут төгүлө албай,
Чыгылган жарк-журк этип жаркылдаган.
Жарылып эт жүрөгү болкулдаган,
Нөшөрүн тынбай төгүп солкулдаган.

Буулуккан бугун төгүп жаратылыш,
Мунарык күндүн көзү жылтыраган.
Жашарып жердин бети дирилдеген,
Жашоону жаңырыктап кайра баштап.

Мунарык алды жагым көрө албаймын,
Тумандын тушоосунда кыйналамын.
Туюктан чабак уруп чыгылбаймын,
Тумандын тарар күнүн мен самаймын...

## ЖАЙЛООДО

Жайлоодо жакшы жышаан,
Жашап келет адамдары.
Токчулук, ток пейили менен,
Келгенге коюн союп коноктогон.

Кымызын сыр аякка мелт-калт куйган,
Агартып агын сунуп пейли кенен.
Керилген келиниң ууз чебер экен,
Кайнене кең жайлоодо мол берешен.

25.07.07.



Желеге кулун байлап, бээни айдап,
Үй ээси келгендердин жайын камдап.
Кең пейил кең көкүрөк жазы маңдай,
Кайната ак сакалдуу карыя экен.

Кыргыздын салтын-наркын сактап,
Жайлоодо жашап келет кыргыздарым.
Улуттун улут деген атын барктап,
Кыргыздын ата-баба салтын сактап.

## МЕН ДА СҮЙГӨМ

Бүркүттөй умтуласың улутунасың,
Бүдөмүк сөз-кыласың кылгырасың.
Көпкө карап көздөрүмө кадаласың,
Сөз айталбай бир туюкка камаласың.

Сенин сүйүүң жаап өткөн өткүндөй,
Мезгил жетсе көчүп өтөр көчкүдөй.
Менин көңүлүм сүйүүдөн бүт көчкөн,
Сезим отум сүйүү үчүн бүт өчкөн.

Көзүмдөнбү, сөзүмдөнбү жаңылуу,
Көзгө карап таамай сунуш айтылуу.
Көзүм-күлүп, сөзүм сүйүп калганбы,
Таамай айтат жалгыз сен деп сүйгөнүм.

Козгобочу жүрөгүмдүн жарасын,
Мен да сүйгөмүн бир бирөөнүн баласын.
Жетпей калып жүрөгүмдү жаралап,
Жашап келем үмүт менен дарылап...

## ҮЛГҮ

Биздин өмүр үлгү, үгүт-насаат,
Бизден кийин урпактарым.
Улуу муундан үлгү алат,
Салт сананы сактап калат.
Кыргызды кыргыз бойдон барктап алат.

Эрден тансаң элден тана албайсың,
Эл-салтыны жүрөгүңө сактайсың.
Эл-эл үчүн мекен үчүн жашайсың,
Ыдыратпай ынтымагын сактасаң.
Элдин улуун, элдин кызын табасың,
Эмгегиңе элден сыймык аласың.



## БАЛДАРГА

Балапан уя көрчү элем,
Баладан артык көрчү элем.
Бас десе басып алдыда,
Ою мен болчу элем.
Оюн салып ойносо-ойносо,
Артыкча бакыт тапчу элем.

## АЙЫЛЫМА

Мен айлымды ойлогондо ойго батам,
Кусадан жүрөгүмдү жаралагам.
Баруута башкалардай батыналбай,
Барсам да баштагыдай баар таппайм.

Адашып бөтөн элге келген өңдүү,
Өз үйүм өзүмө жат, жатыркатат.
Кар жаап-из басылат, кайрадан гүл ачылат,
Токтокан жашап өткөн үй табылбайт.

Чынары сынып, чырпыгы калган,
Чырпыгы келген жазда бүчүр алган.
Чырпыгы чынар талдай бүрдөп алган,
Келгендер сайабандан орун алган.

Олтуруп сен жөнүндө сөз баштаган,
Эмгегиң эл озунда дастандалган.
Энелик мээримиңе тазим этип,
Кез келсе сен жөнүндө дастан жазам.

## КЫРГЫЗЫМ...

Кыргызда жанын бакпаган,
Карайлап нанын таппаган.
Орус менен казакка ооп кетти кыргызым,
Орустардын нанын жеп толуп кетти кыргызым.

Өз мекенге кайтууга көңүлү жок кыргызым,
Балдарыны ойлобой качып кетти кыргызым.
Завод менен фабриканын сатып кетти кыргызым,
Энелерин ойлобой качып кетти кыргызым...

## ПЕНДЕЛИК

Кам сүт эмген пенде экенмин,
Жалынып жаратканга жалбарганмын.
Тынч күндү бир күндүгүн самаганмын,
Келгенде бейпил турмуш ыргагына.



Унутуп убадамды эсирдимби,
Ачууну колго алып кесирлендим.
Кемтигин толтурам деп көңүлүмдүн,
Көтөрбөй көйрөндүккө берилдимби.

Унутуп өткөн күнүм ашындымбы,
Тыйалбай өз напсимди кесирлендим.
Напсинин кулу болуп эсирдимби,
Же жашоо ыргагына берилдимби.

Замандын зайилине башымды ийип,
Жөн гана жашоомду кечирдимби.
Пенделик жашоомо берилдимби,
Кол иштеп бардыгына эсирдимби...

## БАЛДАРГА

Бешенем бешпи сурагын,
Бешөөңөр белимдеги кубатым.
Беш жерде жанар чырагым,
Бешөөңөр жакшы чыксаңар.
Бейиштей жашоо улармын.

Теңирим оңдоп ишимди,
Телегей тегиз болгула.
Теңтуштан эгиз болгула,
Тегеректе эл мактаган,
Теңир сүйгөн уул-кыз болгула.

## СҮЙҮҮ САЛТАНАТ

Биз эми жолукпайбыз,
Сулаймандын тоосунан.
Биз эми жолукпайбыз,
Ош пиримдин паркынан.

Биз эми жолукпайбыз,
ОшМУнун гүл багынан.
Сүйүбүз түбөлүккө сакталат,
Сүйүшкөндөр курат өзгө салтанат.

Биздин сүйүү гүл бакчада сакталат,
Бизден кийин бизден жаштар.
Сүйүсүнө курат өзгө салтанат,
Биздин сүйүү жүрөктөрдө сакталат.



## КЫРГЫЗЫМ

Жашыл килем дукаба,
Дан жыттанган бул талаа.
Төрт түлүктү мал баккан,
Жылкы минип жан баккан.

Жибек жолун мол салган,
Уруулуу журтум кыргызым.
Улуулуктан таралган,
Улуу журтум кыргызым.

## ТАГДЫРГА

Бактылуу күндөр өтүп арабыздан,
Кыз-уулун Алла бизден аябаган.
Дөөлөтүн молдоп берди учтасын деп,
Бакытын коштоп берди жыргасын деп.

Сездирбей жылдар өтүп арабыздан,
Өтүптүр өткөл мезгил калкыбыздын.
Тагдырдан бизге сыноо келген кезде,
Адашып ак жолуңдан кеттиң неге?

Элчилеп эңсебедиң, эзилбедиң,
Уул деп улутунуп тиленбедиң.
Кызды деп кызыл өңүң саргарбады,
Кудайым кимди сүйдүү, кимге берди.

Жалынып жаратканга миң мертебе,
Жазданып төшөк жаздап эч жатпадың.
Жалдырап мээнетиңен айыгалбай,
Жаратканга жалынып жалбарбадың.
Жараткан кимди сүйдү кимге берди.

Бой тартып уул-кызың калган кезде.
Алмашып баарын ачуу-аракка.
Азгырык менен сен кеттиң,
Ар-намыс абириңди ойлобой.
Тандаган тайкы жолдо безип кеттиң.

Тандаган жолуң табышмак,
Жандырмагын ким табат.
Тагдырга коюп күнөөнү,
Өзүңдү актап не табат?

Адал жолдон барсаңчы,
Адам бойдон калсаңчы.
Азгырылбай ачуу аракка,
Өзүңдү-өзүн тапсанчы?



## ТАГДЫР ЖОЛУМ ЭКИ БАШКА

Тагдыр жолум эки башка салганда,
Экөөбүз эки-жакка карай басканда.
Бир башыма миң кыл түйшүк артканда,
Душмандарым табалары канганда.

Таш боор-тагдыр төбөдөн так басканда,
Бечара деп достор четтеп качканда.
Тегеректе дос эмес кас калганда,
Мээнет чырмап баш-көтөрбөй жатканда.

Айланамда түркүн сөздөр уялап,
түйшүк болду жалган жала кубалап.
Жараткакным өзүң калканч боло көр,
Ушакчынын уу тишинен калкалап.

Мендеги актык Алла үчүн керектир,
Мендеги актык уул-кызыма сабактыр.
Мага мынча асыласың алыстасам?
Ар-кыл болуп түркүн жерден кабыласын.

Сени унутуп, сенсиз жашоо улагам,
Бүт түйшүгүм өз мойнума алганмын.
Асылбыдым башкалардай акы-тилеп,
Асылбадым уулум-кызым ачка деп.

Жоктон жонуп жолум улап баратам,
Баскан жолдон башкалардан сабак алам.
Үзүлгөндү уларым эне сөзүн эске алдым,
Эсиргенде эс кетет-колдо дос кетет.

Ашынбадым асылбадым башкага,
Кызыкпадым кызыл кийип кызыктырып азгырса.
Азына да көбүнө да кылып каниет,
Адам болуп эне болуп жүргөнүмө каниет.

Кудрети күчтүү кудай жол табат,
Асылгандар ара жолдо кулашат.
Сапары алыс тагдырдын түркүн түсү,
Бирде-өйдө бирде-төмөн түшүргөн.

Сапарлашым ушак айың тараткан,
Уу тишиңден сен да азабын тартарсың.
Мен тараткандай түйшүктөрдү тартарсың,
Ошол кезде мендей азап тартарсың.

Актанбаймын ак элем деп өзүңө,
Кудай күбө көрүп турат күнүгө.
Балдар үчүн жашап келем күнүгө,
Багын тилеп күндү-түнгө уладым.
Озур көрүп өмүрүмдүн калган күнүн улайын.



Урпагыма, уул-кызыма энемин мен,
Балдарыма керек кезде ата да, энемин.
Эки тизгин бир чылбырды колго алып,
Балдар үчүн керек десе жүрөгүмдү беремин.

## ТИЛЕК ЫРЫ

Өмүр берген кудайым,
Кудайымдан сурайын.
Өмүр берген кудайым,
Озуруң бер сурайын.

Перзент бергин сурайын,
Перзент берген кудайым.
Уул бергин сурайым,
Уул берген кудайым:

Урматың бер сурайын,
Кызыңды бер кудайым.
Кызды берген кудайым,
Кызматын бер сурайын.

Дөлөт берген кудайым,
Дөлөт берген кудайым.
Дөөлөтүңө жарашкан,
Сөөлөт бергин кудайым.



ОМСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №. 470209

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жыл тогошуп жакшылыктан берет кабар,
Жалбырттап үмүт оту жылындаган.
Үлдүрөп жанып турган шам чырагым,
Жалбыртап жалын болуп нур таратат.

Жыл тогошуп токчулуктан берет кабар,
Той-тамаша, шаан-шөкөт.
Кубансам, кайгырсам да тартам азап,
Жатамын таңды кечте төшөк жаздап.
Жүрөгүм күнү-түнү тынбай сыздап,
Чалдыгып кайсы күнү калдым экен.
Туура эмес бир өзгөчө кадам жасап.

Күн өтсө алдан тайып барат жаным,
Жылтырап каректерден жашым тамды.
Алсырап жалгыз жаным азаптанды,
Же менин кечирилгиз күнөөм барбы.

Өмүр деген менин жалгыз чырагым,
Өчпөй туруп арманымды тыңдагын.
Өмүр деген чоң өзөндөй, дайрада,
Өчпөй туруп өмүр деген чырагым.
Энекемдин ууз сүтүн актайын.



## АЛТЫНДАН АРТЫК АСЫЛ БАШ

Алтының деле таш экен,
Алтындан артык баш экен.
Алганың жакшы чыкпаса,
Алтындай башың кар экен.

Күмүшүң деле таш экен,
Күмүштөн артык баш экен.
Кудайым берген балдарың,
Көрүнгөнгө кар экен.

Көп шилтеп бардык жашоого,
Балдарым үчүн жашаймын.
Көз тигип алды тарапка,
Чоң үмүт менен жашаймын.

## АРУУ ТИЛЕК

Унутуп ушул күндөр арта калса,
Урматтап уул-кызым багып калса.
Урматтуу эне атыгып,
Улуу-кичүү сыймыктанып сыйлашса.

Алтымыш ашып жашасам,
Арманды артка таштасам.
Жетимиш ашып жашасам,
Жаштарга насаат ташасам.

## ОКАСТУ КЫЗ

Ай жылдызга теңеген,
Алтыным апам сен элең.
Ардактап эрке чоңойткон,
Окастуу кызың мен элем.

"Орууба балам орууба,
Кудайдан дайым бак сура.
Келечек али алдыда,
Шаңдуу турмуш даңгыр жол!"

Күтүп турат алдыда,
Батасы тийип энемдин.
Эл ичинде эсенмин,
Орундатып жүрсөм дейм.
Ардактап мени чоңойткон,
Аруу, энекемдин тилегин.



## ЖАЗ КЕЛДИ!

Мына кайра сиз сүйгөн жаз да келди,
Сеңселе басып, сиз гана келбедиңиз.
Күркүрөп күкүк сайрап,
Ак сайдын суусу кирди.
Сиз гана келбедиңиз.

Ак сайдын суусу толкуп жээкке урунат,
Арманым ичке толуп булуктурат.
Арманымды ак сайга айтайынбы,
Арыктын суусу толуп шыбыраган.
Сырыңды суудан башка жан укпаган.

Абирди бийик тутуп бүт барынан,
Сырларын ичке жутуп сен жашаган.
Көз жашын жан адамга көргөзбөгөн,
Барына тегиз туруп сабыр туткан.
Жаз келди!..

## ЖАРАТКАН

Жараткан мени неге жаратты экен,
Жаратып жарык жашоого.
Көргөзбөй ата жүзүн перзентине,
Жараткан мынча неге таш боор белең.
Көрөм деп ата жүзүн,
Кыямат күнүн күттүм.

## 65-ЖАШ

Мен  апамды көрбөй калдым,
Карылыктын гаштын сүрүп жүргөнүн.
Небере сүйүп насат айтып жүргөнүн,
Кыз ээрчитип сарпайлашкан тойлордо.
Кызым, уулум, ушулар деп жүргөнүн.

Апа,уулуң ата болду уулуна,
Кадыр салып жүргөн чагы журтуна.
Мансап бийлик баары анын колунда,
Апа кызың эне болду кызына.
Апа кызың небере көрдү, сага чебере!..



## КӨГҮЧКӨН

Мен бир байкуш,
Кош канаттуу көгүчкөн.
Көктү самап,
Кош канатым күүгө салып бараткам.

Байкабапмын чоң дайранын,
Суусу белди каптаса.
Байкабапмын чоң турмуштун,
Катарына катып мени алганын.

Кечиргиле, кечирип кой Атаке,
Кечиргиле кечирип кой апаке.
Ак сүтүңдү үмүтүңдү алдадым,
Айткылачы замандаштар, курдаштар.
Күнөө кимде, турмуштабы же менде?..
15-март, 1996-жыл.

## ДОСТУК

Достукту бийик тутуп кадырлаган,
Досум деп бүт сырымды төгүп салган.
Достуктун жазылбаган закондорун,
Ыймандан ылгап алып бийик туткам.

Энекем түшкө кирип аян берген,
Кыйышпас кыяматтык досуң деген.
Кыйанат доско кылбай эне мен,
Дирилдеп денеде жан бар кезимде.

Убадам ушул болот сага берген,
Кыйамат күнү-түнү келип.
Суралса собол сурак,
Досума ак эч кылбаган ал кыянат.

Тамырда кан агып турган кезде,
Мен деле эч кылбаймын кыянат.
Достукту бийик тутуп,
Жашап келем ушул кезде.

## СУЛУУГА

Сулуу деп суктанышат баары,
Сулуулардын тагдыры бар ар кыл.
Сулуунун көңүлү бар назик, наздуу,
Сулуунун сезими бар аруу, таза.

Сулууну азгырбагын сөзүң менен,
Сулуунун сезимдерин тебелебе.
Сулуулар сүйсө сүйөт жүрөк менен,
Сулуулар сүйө албайт көңүл менен.



## АКИМДЕРГЕ

Күнөкөр көздөр күбө көргөнүмө,
Кыргыздар кыргыздарды кордогону.
Энекесин, эжекесин зордогонун,
Аял деп аяп койбой сезимдерин.

Мансабына аркалап кордогонун,
Өкүлү өкмөттүн болуп туруп.
Пулдуунун сөзүн сүйлөп колдогону,
Пулдууга жүгүнүшөт мансаптуулар.

Абирин пулга саткан амандуулар,
Чыркырап чындык ыйлап кыйналышат.
Бешикте бала ыйлап жалынышат,
Эненин эт жүрөгүн зыркыратып.
Эшикке түртө салып кутулушат.

Акимдер аралашып ар бир ишке,
Балалу эне кордук көрөт күндө.
Кыргыздар Кыргызстанда кордолуда,
Абирин пулга сатып кыздарыбыз.
Кудайга үнү жетпей кор болууда...

## БАКЫТ

Ким элең, кандай элең дал эсимде,
Калбаптыр бир да жериң эсимде.
Унутсам деп жүрүптүрмүн атыңды,
Өмүрдүн алга жүргөн кемесинде.

Колумду кошо кармап колуң менен,
Жүрөгүм так өзүнө коер элең.
Максатың чектелбестен аны менен,
Бактылуу бир өзүңдү кылам деген.

## НИЕТ ЫР

Онтотпой ооруп жүрөгүм,
Оруусу жүздөн сезилбей.
Ойлорум сансыз түбү жок,
Санадан жүзүм саргарат.
Сабылган балдар артымда,
Калар кимдердин көзүн карап.

Санаада жатам таңдан кечке,
Апапак шейшеп саргайып кетти.
Сызылып аккан көз жаштан,
Санаадан кантип арылам.



Айыгар бекем бул дарттан,
Азабын тартып кыйнаткан.
Арылса жаным азаптан,
Аруулук ишин жасайын.

Күкүк сымал сайраган,
Күн көрбөй өтүп кетемби.
Бир келген жарык дүйнөдө,
Арылбай азапта кетемби?

Сүйүүнүн сырын чечпедим,
Сырдашып бирге баспадым.
Сырдашып көңүл таппадым,
Сыйкырдуу сүйүү дастанын.

Айттырып алыс баспадым,
Арылуу сезим сырларын.
Айбыгып ичке каткамын,
Абирди таза сактайм деп.
Сүйүүдөн баш тарткамын.

Адашпай адам жолунан,
Кудайдын жолун талдадым.
Айыгар алсыз жаным деп,
Бардыгын артка таштадым.

Айыкты бардык жаралар,
Азаптуу күндөр алыстап.
Жылтырап жанат үмүтүм,
Жалгыз чырагы чырагы.

## ӨМҮР

Өмүр кыска үлгүрөйүн барына,
Унут болуп, бир бурчунда калбаска.
Эсте калар иш аткарсам кичине,
Эстеп мени көз өткөндө унутпа.

Айлар агып жылдар жылып зымырап,
Өлчөсү жок өмүрлөрдү ким туят.
Байлык үчүн, бийлик үчүн бардыгы,
Кара жанын карча урат.
Байлык бийлик кимге опа кылыптыр...



## КУДАЙГА

Жараткан кузгунга 100 жыл жаш берип,
Арам да, адал да, бирдей жедирип.
Кузгундан жашың аянбай берген,
Адамга сезим, күч берип жашыңды неге аядың.
Куркулдап учкан учкан кузгунча неге көрбөдүң?

Адал эмгек ак кызмат кылгандарга аз мөөнөт,
Ак дил менен дин туткан мусулманга аз мөөнөт.
Парзын бузбай намаздын жүргөндөргө аз мөөнөт,
Адал нанын таап жеп жан бакканга аз мөөнөт.
Адал эмгек мал баканга аз мөөнөт.

Адал менен арамды аралашка тийбесин,
Арак ичип шапар тээп жүргөндөргө тийбесин.
Күндө жаңы сойкуга жүргөндөргө тийбесин,
Өз бактысын көчөгө таштаганга тийбесин.
Өз энесин бакбаган бакылдарга тийбесин,
Өз атасын тилдеген жакылдарга тийбесин.

Өз баласын көргөзбөй атасын да аласың,
Өз энесин көргөзбөй энесин да аласың.
Жетим өсүп чоңойгон чоңойгондо оңдонгон,
Оңдонгонго койбосун жесир кылып кордосуң.
Кудайдын кудалыгын ойлогондон ойлодум,
Кудай өзүң колдогонду колдогун.

## АЯЛ КИМ

Аял ким жаңы чыккан күнгө окшойт,
Аял ким окулбаган ырга окшош.
Аял ким жазылбаган ырлардай,
Аял ким ачылбаган сырлардай.

Кээде күндөй күлүп турган күндүзү,
Кээде кара кою түндөй капкара.
Кээде ай нурундай жалжарык,
Шоола чачат чар тарабы жалжарык.

Кээде кетет күлүп туруп күйдүрүп,
Канчаларды, канча жанды сүйдүрүп.
Сүйгөндөрдүн жүрөгүн күйдүрүп,
Канчаларга салып коюп бир күйүт.



## СҮЙҮҮ БАЯНЫ

Сүйүү баладасы айтылып,
Эрксизден ак баракка жазылып.
Жүрсө дейм эл ичинде,
Дастандалып айтылып, айтылып...

Таң сүрүлүп атканда,
Күн нуруну чачканда.
Күн нурундай нур чачкан,
Күнүм сенсиң Гулзина.

Айсыз түнүм жарыткан,
Айым сенсиң Гулзина.
Жылдызы жок түн көрксүз,
Жылдызым сен Гулзина.

Журттан журту которуп,
Жүргөн Медер мен элем.
Кыздан кызды тандаган,
Тандаганыны таппаган.

Татуу кыял, ойлорго,
Баткан медер мен элем.
Тамшандырып көп кызды,
Чанган Медер мен элем.

Кол чатырсыз нөшөрдө,
Баскан Медер мен болдум.
Сүйүү отуна багынып,
Жүрөгүмдөн жалындап.
Күйгөн медер мен элем.

Гулзина деп ырдаган,
Ырчың болдум Гулзина.
Күнү түнү уктабас,
Үкү болдум Гулзина.

Тунгуч сүйүү отуна,
Куйкаландым Гулзина.
Тан албаган сүйүүмө,
Тушаландым Гулзина!..



## ОО ПЕНДЕЛЕР

Жакшы күндөн жаркын элес калтырып,
Шашат пендең, бул дүйнөң азырык.
Бирде өдө, бирде пассың оо пенде,
Сырдуу дүйнө сыр түйнүн чечмеле?

Кайдан келип кай тарапка кетебиз,
Бул дүйнөгө сыноо үчүн келгенбиз.
Адалды адал, арамды арам дебестен,
Барына не кайдыгербиз оо пенде?

Мезгил жетип оо дүйнөгө кеткенде,
Алла алдында сообол, сурак бергенде.
Бир мүнөттүк тирүүлүктү эңсебе,
Келмеңди айтын зикир айтып Аллага.
Тирүлүктөө шүгүр айткын оо пенде?!

## ОМОР ХАЯМГА

Мен түшүмдө Рубайиге кезиктим,
Газалдарын жатка айтып берипмин...
Кебир жерин кайта, кайта кайталап,
Мен өзүңө ырлар окуп берипмин...

Ойлуу угуп өз газылын таңдады,
Акырында менин ырым сурады.
Төрт саптыкты окуганда ырымдан,
Мага кошуп ырым окуп бараты...

Менин ырым кайдан билет Рубаи,
Түшүмдө да мени ушул таңданты,
Таң атканча ыр окуп Рубаиге
Газал тыңдап чыгыпмын...

Узатарда Рубаиге кош айтып,
Шашкылыктап доскат сурап алыпмын.
Берейин деп даскатын барак издеп тарпады,
Акырында алаканыма Рубаи деп жаза салды...

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Жыл тогошуп жакшылыктан берет кабар,
Көңүлүм көтөрүнкү жазды эңсеп.
Көктөмдө бай чечекей гүл ачкан өңдүү,
Көңүлдүн үмүтөрү байчечекей.



Жыл тогошуп барчылыктан кабар берет,
Бакытын эшик ачып өзү келет.
Эңсеген үмүт, тилек ойлорума,
Кудайым өзү колдоп бат жеткирет.

Жыл тогошуп токчулуктан кабар берет,
Кудайдан тилеп кетем жакшы тилек.
Элим эсен болсун дайым,
Эл ичинде достор аман болсун дайым.
Элиме, досторума, туугандарга бакыт тилейм!

## ӨЗДҮГҮМ

Мүшкүлдү тарттым баш менен,
Жообун бердим көз жаш менен.
Азапты тартым баш менен,
Жообун бердим, жүрөктө калган дарт менен...

Күнү-түнү сыздаткан,
Жүрөгүмдү кантем мен?
Актыгымды айталбай,
Жүдөдүм мен кантемин?

Өзүмдү өзүм кыйнаган,
Өздүгүмө таң калам.
Өз оюмду айталбас,
Тартуулука арданам.

Күнөөсүз туруп күнөөлүү,
Болгонума тан калам.
Ак сезимди айталбас,
Пастыгыма арданам.

Онтотпой оруп жүрөгүм,
Күндөн күнгө жүдөтүң.
Жарпым жазып жүралбай,
Телегей тегиз боло албай.

Абалым мени кыйнады,
Арзыгандай боло албай.
Арзып күткөнүмө жете албай,
Арманым мени кыйнады.

Абалым мени суздантты,
Арманым көңүл муздатты.
Жүрөгүм жүдөп азаптан,
Ар күнү оруп мункантты...



## КУСАЛЫК

Жарты жүрөк жараланды кайрадан,
Жандай көргөн жаны бирген жанынан.
Жүрөк сыздап көңүл муздап баратат,
Жан дүйнөм бир көңдөйгө айланат.

Жүрөм алсыз бир максатсыз,
Канча таңды сенсиз тосом томсоруп.
Канча күнүм сенсиз өтөт, өзгөрбөйт,
Канча күндүк өмүр калса, сени күтөт...

## АК СУЛУУМ

Келбетиң сенин келишкен,
Карашың жүрөк эриткен.
Койкоңдоп басаң керилип,
Кадалам сага берилип...

Ак жумал жүзүң келишкен,
Ак моюн сулуу периштем.
Алкымың сүйүп жыттасам,
Абайлап, аста эриниң сүйүп уктасам...

Ак жумал сулуу periштем,
Ай толгон күнү кезиксем.
Ачайын сырым, сен десе жүрөк эриген,
Ак сулуум менин, жүрөк дегидеткен!..

## ЖАР

Мага жар керек,
Күндүзү күн сымал нурун чачкан.
Мага жар керек,
Түнкүсүн ай сымал шоола чачкан.

Мага жар керек,
Магдырап махабатка багындырган.
Мага жар керек,
Балдарга мээрим төгүп сүйүп турган...

## СЕН КЕЧ КЕЛДИҢ

Келипсиң кайрылып кайрадан,
Кетпедик беле биз эчак айрылып.
Кемтигин толтуруп көңүлдүн,
Келгенге сен шаңдуу олтурдуң.



Кылчайып келипсиң кайрадан,
Кыр ашып калганда абыдан.
Эскерип белесте калган жаштыкты,
Эсирбе, эселек эмесмин жашыган?

Эсирип алыпсың абыдан,
Байкадым мен аны катыңдан.
Ыр түрмөк катыңа жазыпсың,
Сырыңды абыдан ачыпсың.

Кайрылса он тогуз курагым,
Абыдан кубанып турмакмын.
Чубатып кат жообун жазмакмын,
Жүрөктүн сырларын ачмакмын...

Ашканбыз жаштыктын белесин,
Калтырып жаштыктын элесин.
Азыр биз тоо ашып кеткенбиз,
Кайрылып сен өтө кеч келдиң...

Убакыт эместир, ортону бөлүп турган,
Жылдар го жылажын күлкүмдү унуттурган.
Он он беш, жыйырма деп эсептеген,
Оюма ал кезде эч келбеген...

## АДАМДЫК ПАРЗ

Аралап өрүк зарда көңүл ачып,
Жүргөнмүн өткөн күндү эске алып.
Жүрүптүр өрүк зарда бир жаш бала,
Жылаң баш, жылаң айлак, жалгыз гана...

Жалооруп каректерин кадайт мага,
Жүрөктү бир башкача сыздатты да.
Териптир өрүктөн бир топ данек,
Бир колдо алып алган бир ташы бар...

Ийилип сурап калдым: "— Апаң кайда?
— Ал кеткен мени таштап ымыркайда.
Чоңойту бир бей таныш эжей мени,
Эжей да ай айланды кайтыш болду...

Бир тамда жалгыз калдым азыр мына..."
Бир тамда алты жашар жалгыз бала.
Бирөө жок каралашар азыр ага,
Жүйөсүз ойлор келип сыздап турам.

Алдымда эки аранжы жолум турат,
Артымда адамдык, аялдык парзым турат.
Айбыкбай эл журтумдун ушагынан,
"—Ай уулум, кетели?" деп айта салдым.



Кучагым жая жетип боорума алдым,
Балбылдап жайнай түшкөн каректерин.
Самайын сылап, каректен жыттап алдым,
"Жүр уулум кетейли..." деп үйдү көздөй сапар алдым!

## МЕНИН КҮНҮМ

Мейли көктөн күн чыкпасын мен үчүн,
Мейкиндикте күнүм сенсин мен үчүн.
Мейли көктөн ай чыкпасын мен үчүн,
Ай аламда айым сенсин мен үчүн.

Мейли көктөн жылдыз чыксын жымыңдап,
Сен мен үчүн жылдыз болгун жымыңдап.
Жымыңдашып көктө жылдыз жыбырып,
Биз экөбүз жер бетинде жүрөөлүчү кыбырап.

## ЖАШТЫК АЙ

Кулпуруп кызыл кийип кубансам,
Кутуктап кошо кубанган.
Кутманым энем элде жок,
Коштолуп элдин шаарына.
Кубанып күткөн эллегим энем, элде жок.

Кызылды кийип кубанып,
Кулпуруп жүрө албадым жаштык ай.
Кыз буunion буралып,
Күлө албадым жаштык ай.
Ененин доорун доорандап жүрө албадым,
Энекелеп эркелеп күлө албадым.

Кычырап кырк кырына келген чагым,
Кулпуруп кызыл гүлдөй гүлдөр чагым.
Кулпурган кызыл өңдүн нуру кетип,
Энемди эңсеп жүрөктөн сузданамын.



## ТУУГАНДАРГА

Мал-дөөлөт баштан кеткенде,
Сырдашарым жат болду.
Сыйлашарым жат болду,
Сырым билип сыйлашкан.
Жакындарым жат болду.

Мал-дөөлөт баштан кеткенде,
Жаным бирге деп жүргөн.
Жакындашым жат болду,
Мал дөөлөткө мас болду.

Мадыра баш беш бала,
Беш баладан кеч ана.
Элдер кетти талаалап,
Сен да кеткин жет жакка.

Башыңа мал бүткөндө,
Балдар келет апалап.
Тууганың келер агалап,
Башың жетер жан элең.
Ушундай болот деп билем.

Баары келет бапырып,
Санга кошуп өзүңдү.
Аш-тойдо атың аталат,
Конок берип сый сыйлап...

## ТАГДЫРГА

Үйүр алып үйрөнгөн жерден кеттим,
Кадыр салып сыйлашкан элден кеттим.
Кадыр салып сырдашкан достон кеттим,
Жаңы журтту конуштап жашап келем.
Журт которуп дагыда көчүп кетем...

Байыр алып бир элде жашап калбай,
Көчмөн журттун салтын улап.
Көч башында төөнү комдоп жүрөм алга,
Бак талай кай жерде деп издеп келем...

## КЫЗДЫРГА НАСААТ

Текебер сенин мүнөзүң,
Теңсинбей басып жүрөсүң.
Тектүү бир жердин перзентин,
Теңиңе албай жүрөсүң.



Тегин сурап жар күтпөй,
Теги жок болду күйөөң.
Тексизден перзент күтөсүң,
Теңиңе албайт сүйлөсөң.

Азбын тартып жүдөйсүң,
Арманын айтып күйөсүң.
Ата-энең айткан насаатан,
Эгерим асти күйбөйсүң.

Арманың айтып ар кимге,
Азабың тартып жүрбөйсүң.
Текебер күтпө мүнөзүң,
Тектүү бир жердин перзентин.

Теңиңе алып сүйлөсөң,
Тектүүдөн наркtуу туулат.
Теңиңе алып жар күтсөң,
Тең-тушуңдан эгизсиң.
Телегейден тегизсиң!

## МЕЗГИЛ

Мезгил күтпөй шаштырып,
Күлүк атын чаптырып.
Келе жатат карылык,
Алды жактан шаштырып.

Келсе келсин карылык,
Оомату келсин карылык.
Дөөлөтүү келсин карылык,
Нускалуу сөзүң эл уккан.
Кадырлуу келсин карылык!..

## АТА-ЭНЕ ДООРУ

Күлүктөн күлүк тандаткан,
Күлгүн тандап таптаткан.
Атанын доору турбайбы,
Сулуудан сулуу тандаткан!

Сулуусун тандап жар кылган,
Атанын доору турбайбы.
Татуутан татуу тандаткан,
Татуусун колго карматкан.



Эненин доору турбайбы,
Жакшыдан жакшы жандаткан.
Жакшыга кошуп жар туткан,
Эненин доору турбайбы!

## КӨЗ КАРАШ

Көзүмө көзүң чагылышса,
Көз отуң жиреп өттү жүрөгүмдү.
Удургуп оюм бузуп башка сезим,
Көзүмдөн сезимдерди окуп өттү.

Кадалып көздөр көзгө калган кезде,
Үн сөзсүз сүйлөшөбүз карек менен.
Сезишип сезимдерден сырдышыбыз,
Көздөрдөн көрүп туруп муңдашабыз...

* * *

Эзелки эски таныш болсоң дагы;
Жаралып кайра баштан калган өңдүү.
Кадалып каректериң кайра-кайра,
Капилет жүрөгүмдү жүдөтүң ай.
Сен турган жер мунара.

Мансабың бар бийик даража,
Меңдей жанга башың ийип.
Оюм бузуп мени кылба убара?
Көңүл деңиз толкуп кетсе.
Токтото албай болосуң көп убара...

## ТАГДЫРДЫҢ ЧАРК ПАЛАГИ...

Ачуусунан татуусу көп тагдырым,
Кайгысынан кубанычы көп тагдырым.
Багыт алган тарап алган тагдырым,
Катуу сокон шамалына баш ийип.
Жалбырактай учуп күйгөн тагдырым...

Өз эркиме баш ийбеген тагдырым,
Каалагандай жашабаган тагдырым.
Каттуу аккан дарыянын шарынан,
Агым менен бирге агалбай.
Четке калкып чыга калган тагдырым...

Четке калкып чыксам дагы агымдан,
Учум куруу жалгыз-жарды эмесмин.
Кубансам-кайгырсам да коштоп турган,
Жанымда жандап жүргөн кубатым бар —
Жашоого үмүт байлар чырагым бар!



## ӨМҮРДҮН МЕЗГИЛДЕРИ

Өмүрдүн таңы, түшү, кечи болот,
Өмүрдүн таңы-жаштык, оюнга мастык.
Өмүрдүн түшү-балбылдап бала жыттаган кез,
Өмүрдүн кечи кейлиштүү караңгылык, карылык...

Күтүү да тун балаңдай жаштыкты сагынып зарыгып,
Бир жылдан богоп өңдүү төрт мезгил.
Өмүрдүн жазы, жайы жана күзү, кышы бар,
Өмүрдүн жазы балтыркан тилдүү балалык.
Ата-эне доорунда дүйнө чар жайыт...

Өмүрдүн жайы бой салып батпай дүйнөгө,
Боломун түркүк дүйнөгө турмуштун жолун баштаган.
Жалгызсырап дүйнөгө өзү батпаган,
Турмуш жолун баштаган үйлөнгөн кез...

Өмүрдүн күзү озурун көрүп балдардын,
Жашында бергенин алып балдардан.
Олтурган кез озур-урматка маарып,
Олтурган кез май-каймакка маарып...

Өмүрдүн кышы кашайган карылык,
Жол тапай жүргөн өңдүү бир машайык.
Издесең таппай бтр машайык,
Машайыксыз акыл насаатты кайдан алмак?

Жашайлык бул дүйнөдө өмүрдүн жазында,
Жашайлык бул дүйнөдө мөмөсү бышып.
Төгүлгөн күркүрөгөн берекелүү күзүндө —
Жашайлык бул дүйнөдө түбөлүккө!

## КАДЫР ТҮН

Алла таала берген күн,
Кадыр түнүм келген күн.
Алакан жайып тилесең,
Ак дилиң менен берилип.
Айканынң алла берер күн!

Түн бир окум болгондо,
Касиет кадыр келер түн!
Касиеттен кур калбай,
Алакан жайып тилер түн.
Ал жеткенче намаз окур түн.

Бир жылда бир келер түн,
Кудай мээрим төккөн түн.
Кур калбай кудай мээринеп,
Мээр акыбет сурар түн.
Акыретке саздантып, тазартар түн!



Таң сүрүлүп атканча,
Периштелер ала алдын кайтканча.
Ак перидей тазарып-тазарып,
Алаадан шафаат тилер түн.
Балдарга ынсап ыйман тилер түн!

Кадырын билип бул түндүн,
Кадырлап алгын мусулман.
Парзын бузбай намаздын,
Окуй жүргүн мусулман.

Ар мүчөңдү таптаза-таптаза,
Алпештеп жүргүн мусулман.
Тилине эрк бербестен,
Сактай жүргүн мусулман.
Аягыңды жамандан абайлап жүр!

Акыретке барганда, барганда,
Ар мүчөң бир бирден собол салганда.
Ар мүчөңө тил бүтүп,
Собол сурап алганда.
Жообун бирден берерсиң...

## ДЫЙКАНГА

Ойлор ойлор ойлор ай,
Ой боюма койбойт ай.
Ой учугун улаган, улаган ай,
Утурумдук жашоого таң калам:

Таңдан кечке тынбаган,
Талбай мээнет кылгандар.
Түн уйкусун уктабай,
Түйшүк тарткан дыйкандар.

Алты ай жаз-жай тынбаган,
Ак эмгекчил дыйкан ай.
Ай жүзүнөн нур чалган,
Ак ниетүү дыйкан ай!

* * *

Алтын башым кор болду,
Жүзү жоктор зор болду.
Аманат жүргөн базардан,
Көңүлүм сууп зил болду.

Алтын башым кор болду,
Ар-ар жерде сөз тапкан.
Ар кандайда жол тапкан,
Асыл башым маң болду.



Тумандарда жол тапкан,
Туңгуюкта сөз тапкан.
Туңгуюкта турганым,
Тушап мени турасың.

Кыяматты оозанып,
Арачым арбак болгону.
Кыйыш басым дегемин,
Арбака сөз бергенмин.
Арбагын сыйлап энемдин,
Сөз айтуудан сестендим...

## ДОСТОРГО, БАЛДАРГА

Катарлаш басып, бир жүрүп,
Калпыс кетсем катардан.
Кан досум деп эстей жүр,
Кызыл өңдөн нур кетип.
Кайкып кетсем жашоодон,
Жан досум деп эстей жүр?

Күкүк сымал сайраган,
Күн көрбөй кетсем бир күнү.
Күлүп жүргөн кулгунүм деп,
Күлкүмдү менин эстей жүр?

Уулумдан урмат көрөрдө,
Ултунуп кетсем бир күнү.
Уртумдан күлкү төгүлгөн,
Убайымсыз күндөрүмдү эсетей жүр?

Кызымдан кызмат көрөрдө,
Кайкып кетсем жашоодон.
Кыйыш пас менин досум деп,
Күндө бир маал эстей жүр.

Оймолоп кийиз илгеним,
Оюмду дайым билгеним.
Ойноп-күлбөй мен кетсем,
Ойлонуп жазган ырымды.
Ойлогондо окуп жүр ?!

Ултунуп калса уул-кызым,
Жан достон калган белек деп.
Уртунан сүйүп эркелеп,
Уулумдун көөнүн улай жүр?

Кыйналып калса кыздарым,
Кан достон калган белек деп.
Кызымдын көөнүн улай жүр,
Катарга өзүн кошкончо.
Кабарын билип каттай жүр?!.



## АДАМГА КЕТ-КЕТ КЕЛГЕНДЕ

Адамга кет-кет келгенде,
Кармаганы карс сынат.
Алган малы ылаңдап,
Бала таштайт, араңдап...
Оттугу жетпей жазгаче.
Арам өлөт тапканы...

Басса жолуң арбыбайт,
Барсаң досуң карабайт.
Тойго барсаң томсортуп,
Колуң карайт жоктошуп.

Барган жерде сыйың жок,
Кел дегенге киши жок.
Жандап басскан жанчы жок,
Жаныңа жакын басканга.
Жандай көргөн достор жок...

Айдаганга малы жок,
Тойо жерге наны жок.
Каттап алыс басканга,
Чөнтөгүдө пулу жок...

Айдай сулуу аял жок,
Айдай жүзү жаркыган энеси жок.
Айылына барса ата жок,
Айлап айлап жол жүрсө.
Таап алар айла жок.

Сыйың кетип элиңе,
Сырдашаарга бирөө жок.
Сыйлашаарга бирөө жок,
Сенден безет адамдар.

Адамга кет-кет келгенде,
Жандап жүргөн достору.
Жанында жүрүп кас болот,
Жатындашы жат болот...

## МЕН МҮНҮШКӨР

Кулалы таптап кош кылган мүнүшкөрчө боломбу,
Кулунунда таптаган сайапкерче боломбу.
Байгелерге салдырган элге күлүк атыкан,
Жаш күлүктү таптаган сайапкерче боломбу?

Балтырет калган балдарды
Адам кылып аламбы,
Улуу журтун жолуна
Адам кылып салайын



Карт тараптын чырпыгын,
Чынар кылып алайын.
Сайабанга эл конгон,
Салкын төр кылып салайын...

## ТООЛОРДО

Тоолордо толкуп көңүл ашып ташат,
Тоо-суусу шоокумдары көңүлдү ачат.
Ажары ай нурундай аскалары,
Ай жаркып ажайып бир нур таратат.

Көңүлүм көтөрүнкү жаз жытанат,
Көөдөндөн, көкүрөктөн тарап кусам.
Сагыныткан тоолоруму кучак жаям —
Көксөткөн арча жытын кере жутам!

25.07.2004

## ЖАШТЫК

Жаштыктын күчү керемет,
Сүйдүрүп, сүйүп жүрчү элек.
Суйкайган жаштык кездерде,
Сүйдүм бир сени дечү элек.

Күн өтсө күүгүм кеч келет,
Жаштык кез өтө тез өтөт.
Жаштык кез өтүп кеткен соң,
Жалынса кайра эч келбес...

## СЕЗИМ

Сен кетсең сезим оттой күйүп барат,
Сездирбей сезимдерге кубат берген.
Сендейди жүрөк кургур кайдан табат,
Сенделип жалгыздыктан азап тартат...

Узатылып, улутунуп калдым сустай,
Узатарда жыттадын абдан башка...
Унутпай узатып калган күндү,
Утурлап тосуп алам коңур күздө!..

03.05.2007.



## ШИЛТЕМДЕР...

Күтөм таң сүрүлүп атарын,
Таңкы Чолпон жылдыз уясына батарын.
Күтөм күндө таң пардасын,
Куштар сайрап ачарын.
Күтөм күндүн нур таратып,
Тирүүлүктү баштарын...
* * *

Күн күлүңдөп уясына балбылдап батарында,
Кусалык жүрөктү эзет закымдарда.
Коюлуп түн пардасын тартаарында,
Багындырып бүт дүйнөнү кою түнгө катарында.
Эзилип эт жүрөгүм сыздап турат.
* * *

Көзүбүздү май баскан,
Көкүрөктү дат баскан
Арбашабыз аз-аз дан
Напси кулуна айланган...
* * *

Ойлор, ойлор ойлорумдан буйдалам
Өз оюмдун туткунуда кыйланам.
Ойлоп ойлоп тагдырыма таң калам—
Тагдырымдын тайкысына арданам...
* * *

Акча тыйын мунара,
Тыйын таппай болом көп убара.
Көр турмушка баш ийип,
Жашап келем жөн гана.

* * *

Акибети кетип калган аялдардын,
Акиреги көрүнгөн аялдардын.
Алар кайдан билишсин,
Акыр заман жакындып калгандыгын...

* * *

Жыл өтсө өмүр өтөт ушаланып,
Уйкусус күндөр өтөт кусаланып.
Кусалык жүрөк эзип туталанып,
Куюлду көздө жашым тумаланып...



## КУШТАРБЕК менен ЖУМАГҮЛГӨ

* * *

Ак көйнөк куп жарашып кымча белге,
Ай жүздү келин болдум май күнүндө.
Абайлап алып жүрсөм алган жарым,
Ак нике коломтоңдун от өчпөсүн.
Ынтымак ырыс-кешик ыроолосун,
Бешик боо жыл тогошуп бекем болсун!

22.05.2008

* * *

Сезимди бийлеп алдың жалгыз гана,
Сезимим сага деген аруу таза.
Сезбесең сезимдерим отко айланат,
Жүрөгүм жалын болуп куйкаланат...

* * *

Ташыркап чарчадыңбы бул жашоодон,
Татыктуу жашап жүрөалбай.
Ташыркап, жаш жүрөгүм талкаланды —
Таалайга ушул тагдыр туш кылганда...

* * *

Балдар калды каңгырап,
Ээн үйдө жалдырап.
Караан тутар бирөө жок,
Күндү санап жалдырап...

* * *

Жабыркап жалгыз калганда,
Жаныма кубат, дос күттүм.
Жанга айткыс жан сырымды,
Жашырбай баарын бүт төктүм...

* * *

Каткырып күлгөнүм —
Кайгысыз жүргөнүм.
Жылмайып күлгөнүм —
Жыргалда жүргөнүм.

* * *

Салт атчан жүрүп жол тартсам,
Сапарым менин узарды.
Сабылдып жанды кыйнасам,
Абалым бирөө сурайбы?

* * *



Санда жок мен нөл элем,
Санга кошуп өзүмдү өзүм.
Оңдонгондо он болдум —
Телегейге тең болдум!

* * *

Күлсөм күлкүм узабай,
Ыйлата турган болдуңар:
Ыйым кургап көзүмдөн,
Кубаныч качан кубалар?

* * *

Чолпон элең асмандарда кол жеткис,
Чочулаймын чолпон жүзүң абайлап.
Мен өзүмдү жүргүм келет кол тийгизбей кастарлап,
Алгым келет ай жүзүңдү башкалардан калкалап...

* * *

Табышабыз кадыр көңүл келишсе,
Таарынабыз көңүлдөргө кир кетсе.
Таарынганга таарынарың бар болсун —
Тарынычың жаза турган жан болсун...

* * *

Мен өзүңдү күтүп жүрөм зарыгып,
Сен да мени күттүң бекен сагынып.
Айлар өтпөй күндү санап зарыгып,
Саат жылбай саанаркатат, сагыныч...

* * *

Кош жылдыз болуп көктө жаналычы,
Кош өзөн дайра болуп шарактап.
Махабат дайрасында агалычы —
Махабат балын татып калалычы...





Апам мени алдына чакырып:

"— Кызым сен ушул балдарыңдын, үзүлгүс, алтын чынжырысын"

"Көйнөгүн кирдетпе,
Көкүлүн киртетпей.
Сабыла алып кет,
Сагынса алып кел..."

"Токтокандын балдары чилдей тарап кетти дедирбегин?"

(Энемдин акыркы керези).

Ушул сөздөрдү айткандан 37-күндөн кийин жарык дүйнө менен кош айтышты. 20-жаш курагымда апам өмүрүнө тете сөз айтып кеткен кеменгер, көрөгөч апамдын жаркын элесине миң таазим.

Автордон.

## АПАМДЫН ЭЛЕСИ

Сагынып самап мен келсем,
Сагынып күткөн апам жок.
Самаган менен айла жок,
Сагынып күткөн энем жок.

Куттуу үйгө мен барсам,
Кубанып күткөн энем жок.
Кубанып бирге ойногон,
Курбу-курдаш элде жок.

Сагынып самап мен барсам,
Саамайым жытап сылаган.
Сагынып күтүп кубанган,
Кымбатым апам элде жок...



## ЭНЕМЕ

Уул төрөдү энекем,
Элге кызмат кылсын деп.
Кыз төрөдү энекем,
Урпак улап жүрсүн деп.

Журт башында мен кетсем,
Журтумду улар уулум деп.
Көч башында мен кетсем,
Көчүмдү оңдор кызым деп.

## АПАМДЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ

Кара чачын ак баспай,
Кырчындай жашың кыйылды.
Уулум менен бир баспай,
Кадыр салып сыйлашпай.
Кырчын жашың кыйылды.

Ак бубак чачың баспады,
Кыз дарың менен баспадың.
Жарпын жазып кыздардын,
Сый урматка баткандан.
Өлчөлү беле өмүрүң?

Жарты бекен көңүлүң,
Улай албайм көңүлүң.
Сыйлай албайм өмүрүм,
Жаратканга жалынам.

Жанатыңдан жай бергин
Балдары калган батадан,
Бейишиңден жай бергин
Небере кылган батадан...

## АПАМДЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ 15 ЖЫЛ

Айчылык жолго аттансаң,
Алтыным балам Баргыжан.
Савылыт кантет дечү элең,
Айрылып кеттиң түбөлүк.

Күнчүлүк жолго аттансаң,
Күйөөрүн балам Кимсаниң.
Күтүп бир калат дечү элең,
Күкүк сымал сайраган.
Күн көрбөй кеттиң түбөлүк.

Медерим болуп жүрсүн деп,
Медер деп атын койду эле.
Медерин сүйүп жүрө албай,
Мээрбан апам жаш өттү...



## ЭНЕДЕЙ КУБАТ

Тоо сымал арка бел болгон,
Атадай кубат менде жок.
Булактай суусу туптунук,
Энедей, мээримдүү сырдаш менде жок.
Сырымды билсе чер жазып,
Бактымды тилеп ар дайым.
Энедей кубат менде жок.

## ЭНЕКЕМ

Энекем эрте кетиң бул ааламдан.
Энекем кимдер барат тойлор кылсам,
Энекем кимдер көрөт сый сыйласам,
Энекем кимдер көрөт кыз узатсам.
Энекем кимдер кийет сарпайлашсам.

Энекем кимдер көрөт уул үйлөсөм,
Энекем кимдер айтат акыл-насаат.
Адашып ак-жолумдан мен да калсам,
Адашпай ак-жолумда жүрөйүн мен.
Бейиштин кут-төрүндө жүрүкөр сен!?

20.04.07.

## МАЗМУНУ


СЕЗИМ ТОЛКУНУ ... 4
КЫЗ КУРАК ... 5
МУНАРЫК ... 5
ЖАЙЛООДО ... 6
МЕН ДА СҮЙГӨМ ... 7
ҮЛГҮ ... 8
БАЛДАРГА ... 9
АЙЫЛЫМА ... 9
КЫРГЫЗЫМ... ... 10
ПЕНДЕЛИК ... 10
БАЛДАРГА ... 11
СҮЙҮҮ САЛТАНАТ ... 12
КЫРГЫЗЫМ ... 13
ТАГДЫРГА ... 13
ТАГДЫР ЖОЛУМ ЭКИ БАШКА ... 15
ТИЛЕК ЫРЫ ... 17
ЖАҢЫ ЖЫЛ ... 18
АЛТЫНДАН АРТЫК АСЫЛ БАШ ... 19
АРУУ ТИЛЕК ... 19
ОКАСТУ КЫЗ ... 20
ЖАЗ КЕЛДИ! ... 21
ЖАРАТКАН ... 22
65-ЖАШ ... 22
КӨГҮЧКӨН ... 23
ДОСТУК ... 23
СУЛУУГА ... 24
АКИМДЕРГЕ ... 25
БАКЫТ ... 26
НИЕТ ЫР ... 26
ӨМҮР ... 28
КУДАЙГА ... 29
АЯЛ КИМ ... 30
СҮЙҮҮ БАЯНЫ ... 31
ОО ПЕНДЕЛЕР ... 33





ОМОР ХАЯМГА ... 33
ЖАҢЫ ЖЫЛ ... 34
ӨЗДҮГҮМ ... 35
КУСАЛЫК ... 37
АК СУЛУУМ ... 37
ЖАР ... 38
СЕН КЕЧ КЕЛДИҢ ... 38
АДАМДЫК ПАРЗ ... 40
МЕНИН КҮНҮМ ... 41
ЖАШТЫК АЙ ... 42
ТУУГАНДАРГА ... 43
ТАГДЫРГА ... 44
КЫЗДЫРГА НАСААТ ... 44
МЕЗГИЛ ... 46
АТА-ЭНЕ ДООРУ ... 46
КӨЗ КАРАШ ... 47
ТАГДЫРДЫҢ ЧАРК ПАЛАГИ... ... 48
ӨМҮРДҮН МЕЗГИЛДЕРИ ... 49
КАДЫР ТҮН ... 50
ДЫЙКАНГА ... 52
ДОСТОРГО, БАЛДАРГА ... 53
АДАМГА КЕТ-КЕТ КЕЛГЕНДЕ ... 55
МЕН МҮНҮШКӨР ... 56
ТООЛОРДО ... 57
ЖАШТЫК ... 58
СЕЗИМ ... 58
ШИЛТЕМДЕР... ... 59
КУШТАРБЕК менен ЖУМАГҮЛГӨ ... 61
АПАМДЫН ЭЛЕСИ ... 66
ЭНЕМЕ ... 67
АПАМДЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ ... 67
АПАМДЫН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ 15 ЖЫЛ ... 68
ЭНЕДЕЙ КУБАТ ... 69
ЭНЕКЕМ ... 69

**Эльмира ИСАКОВА**

# КӨҢҮЛ ЫРГАГЫМ – ЖҮРӨК СЫРЛАРЫМ


| | |
|---|---|
| Редактору: | Жороев Турабай. |
| Тех.редактору: | Калыбаев Каныбек. |
| Корректору: | Түгөлбаева Айнгүл. |
| Компьютерде терген: | Карагулова Сайкал. |
| Компьютерде жасаган: | Дадаев Ибраим. |
| Моралдык демөөрчүсү: | Каримбаева Максуда. |

Терүүгө 20.01.09 берилди. Басууга 31.01.09. кол коюлду
Форматы 60х84. Көлөмү 4,5 басма табак. Нускасы 350.

"Кагаз Ресурстары" басмаканасында офесттик ыкма менен басылды

Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү 287, тел : 2-52-50

